DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Мурзаев Н.Т.*

# VIII КЛАССТА ДИЛ БАЯН ЖАЗУУ ЖАНА ТАЛДОО АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

*Мурзаев Н.Т.*

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ РАЗВИТИЯ ТВОРЧЕСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ УЧАЩИХСЯ В ПРОЦЕССЕ НАПИСАНИЯ И АНАЛИЗА СОЧИНЕНИЯ В VIII КЛАССЕ

*N.T. Murzaev*

# THE PEDAGOGICAL CONDITIONS OF DEVELOPMENT OF STUDENTS CREATIVE ACTIVITY IN 8GRADES WITHIN THE ESSAY WRITING AND ANALYZING PROCEDURE

*УДК: 37 :371.38:8*

*Макалада дил баян жаздыруу жана талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүү жөнүндө сөз болот. 8-класста “Манас” эпосундагы Манас баатырдын образын жазуу үчүн мугалим менен окуучунун бирдиктүү аракеттери көрсөтүлгөн. Дил баянды оңой эле жазууга мүмкүн эмес.Ал үчүн мугалим тарабынан да, окуучу тарабынан да даярдык керек.Бул узак процесс. Дил баян жаздырууну мугалим окуу жылынын башында пландаштырат. Темаларды болжолдуу тандайт. Адабияттарды, кошумча окулуучу адабияттарды да жазып класска илет.Окуучуларга жеткирет. Ал темалар класста өтүлөт жана талданат. Чыгармачылык менен жазуу деген эмне түшүндүрүлөт. Китептен же башка бирөөдөн көчүрүү чыгармачылык эмес. Окуучу өз сөзү менен жазат. Окуучу көркөм текст менен, мугалимдин лексиясы менен тааныш болууга тийиш. Өз алдынча изденет. План түзүү боюнча машыгат. Дил баян жазылгандан кийин аны мугалим текшерет. Окуучулар менен талдайт. Бул окуучунун чыгармачылык менен иштөөсүнө таасир берүүчү шарттар болмокчу.*

***Негизги сөздөр:*** *дил баян, чыгармачылык, текст, окуучу, мугалим, класс, чыгарма.*

*В статье речь идёт о развитии творческой деятельности учащихся при обучении и анализе ученических сочинений. Для того, чтобы написать образ героя Манаса в эпосе “Манас” показана совместная работа учителя и ученика в 8 классе. Сочинения просто так написать нельзя и для чего требуется подготовка, как со стороны ученика, так и со стороны учителя. А это – долгий процесс. Учитель планирует написание сочинений в начале учебного года. Выбирает темы приблизительно. Повесит в классе основные и дополнительные литературы и информирует учеников. Выбранные темы в классе проводятся и обсуждаются. Объясняется, что такое написать сочинение с творчеством. Копировать из книги или у других не является творчеством. Ученик пишет своими словами и должен быть ознакомлен с художественным текстом и лекциями учителя. Самостоятельно изучает и тренируется составить план. После написания сочинений учитель проверяет и обсуждает вместе с учениками. Эти условия влияют на творческую работу учеников.*

***Ключевые слова:*** *сочинение, творчество, текст, ученик, учитель, класс, произведение.*

*The article is about development of creative activity of pupil’s of 8th classes in writing and analyzing of pupils essays. In order to write the image of the hero Manas of the epic “Manas” was showed a unified work of teacher and student in 8grades. An essay is not be written easy. In order to do it teacher and student are need in training. It’s so long process. The plan of writing of essays for pupils must plan by teacher at the beginning of the school year. He chooses themes approximately and gives literatures including additional literatures to students. And the themes are provided and discussed. Explained by teacher what is writing with creation and the copy from books or someone is not be considered as a creation. Student must write in his own words and he must be familiar with artistic text and lections of teacher. He must explore by himself and trains to make a plan. Teacher checks the written essays and discusses with students. It is considered as a condition what impacts to work with creation of students.*

***Key words:*** *essays, creation, text, pupil, teacher, class, composition.*

Чыгармачылык бул – жашоо. Адам баласынын жашоосунун бардык тармагында жашоо үчүн күрөш болуп турат жана боло бермек Чы-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



гармачылык кыялдануу ар дайым ишке ашууга умтулат. Бул коомго, жок дегенде, жеке адамдын өзүнө жаңылык болушу мүмкүн. "Кыялдын ишке ашууга умтулуусу чыгармачылыктын нукура негизи, чыгармачылык кыймылдын башталышы", - деп Л.С. Выготский көрсөткөн [5, 34-б.].

Чыгармачылыктын бардык түрлөрүнүн ичинен адабий, сөз чыгармачылыгы мектеп жашындагыларга мүнөздүү экенин, ал жыныстык жактан жетилүү байланыштуу болорун "ага чейин баланын өсүшү керектигин" айткан Л.С. Выготский [5, 37-б.]. Ал эми Л.С. Выготский айткан жыныстык жетилүү курагы 12-13 жашка, же VII-VIII класстын окууларынын жашына туура келет. Ошондуктан да бул мезгилдеги окуучулардын сөз аркылуу чыгармачылык менен иштөөсүнө этиеттик мамиле керек.

Кыргыз адабиятынын программасында адабиятты мектепте үйрөтүүнүн экинчи этабы катары VIII- IX класстар класстар көрсөтүлүп, ал тарыхый-адабий курстун элементтерин ичине алган, системалык курска жакындатылган адабияттык окуу курсу болуп аталат. " II этап – бул адабияттын спецификасына, образдар системасына, чыгармалардын мазмунуна тереңдеп кире турган мезгил. Үн кубултуп көркөм окуу бул этапта да маанисин жоготпойт. Жазуучунун чыгармасын, адабиятты, адабий процессти доор, коомдук-тарыхый мезгил менен байланышта үйрөнүүгө көңүл бурулат" [3, 35-б.]. Бул курста адабияттык окуу курсуна караганда окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө, классына жараша билимине жана билгичтигине коюлуучу талаптар да өстү. VIII класста окуучулар үйрөнүлгөн акын-жазуучулардын өмүр баянынын уруунтуу учурларын, каармандардын, окуялардын байланышын, чыгарманын идеялык проблемаларын ачып бере билүү, эпикалык, лирикалык, драмалык чыгармалардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн айырмалоо жана" - үйрөнүлгөн чыгарма боюнча дил баян жаза алуу (каармандарга жекече, салыштырмалуу, топтоштуруп чогуу мүнөздөмө берүү) талап кылынат [3, 42-б.].

Дил баян жазуу үчүн кайсы гана класста болбосун чыгарманын өзүн окуу талап кылынат. Бул чыгарманы үйрөнүүнүн эң башкы негизи болуп эсептелет. Ансыз чыгарманы талдоого да эч мүмкүн эмес. Андыктан окуучунун сабакта өтүлүүчү көркөм текст менен тааныш болушу мугалимдин да, өзүнүн да ишин жеңилдетет. Окуу жылынын башында класстык бурчка ушул жылы окулуучу программадагы адабияттардын тизмеси менен жазылуучу дил баяндардын темалары илинип коюлганы жакшы болот. Сабак учурунда тематикасы жана идеясы жакшы талдоого алынбаган көркөм чыгарманын тиешелүү маселеси боюнча дил баян жазуу оң натыйжа бере койбойт.

"Манас" эпосундагы каармандарды талдоо кыйла даярдыкты талап кылат. Анткени менен эпос менен класста жана өз алдынча тааныш болуусу, мурдагы класстарда каарманды талдоо тажрыйбасы болгондуктан оң жана терс каармандарга болгон мамилеси бар.

VIII класста "Манас" эпосундагы Манатны образы боюнча дил баян жазуу керек Ага чейин эпос боюнча Манастын балалык чагы, алгачкы эрдиктери, Ала-Тоого келүү, Алмамбеттин окуясы, баатырдын үйлөнүшү, Көзкамандар, Чоң казат, баатырдын өлүмү сыяктуу бөлүмдөр сабакта өтүлүп, окуучу эпостун сюжети, окуялары менен тааныш болот. Эпостун тематикасы, идеясы жана образдар системасы талдоого алынган сабакта бул темалар боюнча окуучулардын алдыда дил баян жазышары тууралуу айтып койгону алардын даярдануусуна шарт түзөт. Мугалим үйрөнүү ишмердүүлүгүн уюштуруучу – фасилитатор, тренер, модератор, үйрөнүүгө үйрөтүүчү милдетин аткарат.

"Манас" эпосунун башкы темасы – Ата-Мекенди коргоо. Албетте, эпосто ар түрдүү темалар көп. Ошол көп темалар, окуялар биригип элдин эркиндиги үчүн болгон улуу күрөшкө – Ата-Мекенди коргоого баш ийип турат. Чабылып, чачылып, жеңип, жеңилип, ар кайсы жакка айдалып, бири кетип эреңге, бири кетип тереңге, бири кетип Алтайга, бири кетип Каңгайга жүргөн эл биригүү гана эмес, бири-бирин көрүүгө зар болуп, ата-бабанын жерине, өздөрү куулуп кеткен журтуна эми кайра баруу үмүтү үзүлгөндө, эл үмүтүн ойготуп, өлгөнүн тирилткендей кылып, үзүлгөнүн улоого, чачылганын жыйноого кыргыз элинин бактысы үчүн жаралган экен Эр Манас. Буту жер басып, акылга киргенден өлгөнгө чейин эл кызматында болуп,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



өзүнүн эмес эл камын ойлогон. Анын бул жоругу ошол күндөн ушул күнгө, атадан балага улуу өрнөк болот.

"Манас" эпосу – батырдык эпос. Эпосто Манастын өмүр жолун баяндоо менен эпостун сюжети курулуп, баатырдын төрөлгөндөн дүйнөдөн кайтканга чейинки жасаган эрдиктери баяндалат. Манас төрөлө элек эле анын баатыр болушунун белгилери берилет. Мисалы, ата-энесинин түш көрүшү: атасы түшүндө бүркүттү колуна кондурат,андан бардык жан-жаныбарлар коркот; энеси Чыйырды түшүндө ажыдаарды минип алган болот. Энесинин жолборстун жүрөгүнө талгак болушу, төрөлгөндө кан ченгелдеп түшүшү, ал төрөлгөн мезгилде жоого минер аты туулганы, төрөлгөндө отуз-кырк аялга бөлөтө койбогон күчү, бала төрөлө элек эле анын төрөлөрүн Кытай төлгөчүлөрү билип, аны Эсен хан издеттиргени, Манастын ордуна Жарманас дегенди тутуп кетишкени Манастын өтө чоң баатыр болушунан кабар берет жана ал окурманды, угарманды алдын ала даярдайт. Ага Манас деген атты койгон карыя кайып болуп кетет. Акбалтанын көрсөтүүсү менен бала чоңойгончо анын аты Чоң жинди болот.

Сүрөттөлүшү: "Маңдайы жазы, башы кууш, бар боюнда турат тууш,кочкор тумшук, кош кирпик, көркү калча,көзү тик, жалаяк ооз, жар кабак, жаагы жазы, ээги узун, эрди калың, көзү үңкүр, эр мүнөзү көрүнөт" ж.б. Алты жашка чейин баса албайт. Бала кезде 40 баланы чогултуп алып ойноп жатса, кытай калмактын 80 баласы келип аларды урганда Манас аларды урупсабап кууп жиберет. Жакып турмушту түшүнсүн үчүн Манасты койчусу Ошпурга малайлыкка берет. Козусун алып качкан карышкырды кууп барып кырк чилтенге жолугат. Алар Манасты колдоп жүрөт. Жакыптын малын талаптоноого келген калмактын бир топ баатырларын өлтүрөт. Алар Эсен ханга чейие арызданышат. Ал Нескара, Жолой деген баатырларын жөнөтөт. "Жолойго айтканын берип жөнөтөлү, жаныбызды сактап калалы", - деген атасы Жакыпка Манас :"Жоого намыс бергиче, ажалым жетсе өлөйүн,малым менен жанымды, олжого кантип берейин", - дейт. Бул сөз Манас баатырдын бүт өмүр жолун кийин да коштогон. Жолойдун колун кырат, Жолой өзү качып кутулат. Мына ушул салгылашуудан баштап Манас баатыр калмак-кытай менен өлгөнчө күрөшөт. Элин Ала-Тоого көчүрүп келет. Жанына кырк уруудан кырк чоро күтөт. Алардын арасында акылман карыя Бакай, Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу сыяктуу чоң баатырлар, Каныкейдей аялы бар. Алооке, Коңурбай, Нескара, Жолой сыяктуу терс каармандар менен күрөш анын образын ачууга жардам берет. Манас өзүнүн ар кайсы жактан келген чdenолоруна ат мингизет, тон кийгизет, аял алып берет. Баарына камкордук кылат. Манаска баатыр, айкөл деген эпитеттер кошо айтылат. Айрыкча, айкөл эпос боюнча Манаска гана таандык.

Мына ушундай кириш сөздөн кийин мугалим талдоо жүрүп жатканда ыңгайына жараша проблемалуу жагдай түзүп, проблемалуу суроолорду берип же интерактивдүү медоддорду колдонуп талдоону кызытып, интерпреттациялап, Манаска тиешелүү "Айың менен күнүңдүн бир өзүнөн бүткөндөй" деген текстти көркөм окутуу менен толуктаганы майнаптуу болмок. Манас Алмамбетке энесинин эмчегин эмне үчүн эмне себептен эмизет? Көкөтөйдүн ашында Нескараны эмне үчүн кубалайт, ал тойго келген мейман эмес беле? деген проблемалык суроолор алардын көп түрдүү варианттагы жооптору каармандын образын тереңдетүүгө жардам берет.

"Манас" эпосунда, айтуучу кандай каражаттарды кандай колдонду, Манаска тиешелүү эпитеттер, салыштыруулар менен (жогорку мисалдардын негизинде) ачылууга мүмкүнчүлүк алат. "Манастын жети осуятын" айттырып талдоо да майнаптуу болот. Ал эми жыйынтыкка окуучу дил баян жазганда өзү келүүсү сонун иш болмок

Окуучунун алдына коюлган дил баян жазуу тууралуу тапшырма анда бул мезгилге чейин ээ болгон билим, билгичтик, көндүмдөрү менен жаңы темадагы дил баянды жазууга болгон талабынын ортосундагы карама-каршылыкты жаратат. Мугалимдин чеберчилиги ал карама-каршылыкты сырттан таңуулагандай кылбай бере билгендигинде. Аны окуу процессинде гана берүүгө болот жана андай шартты окуу процесси гана жаратат. "Манас" эпосу окулуп бүтүп, аны ар тараптуу талдоого алып жатканда, анын ичинде окуучунун сүйгөн каарманы Манастын образы талдоого алынып жатканда "Манас"

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



эпосундагы Манастын образы" деген темадагы дил баян жазууну сунуш кылуу менен мугалим бул дил баянды жазууга окуучуда чоң каалоону, кызыгууну жаратат. Ошол каалоону ишке ашыруу зарылчылыгы менен окуучунун ошол мезгилдеги мүмкүнчүлүгүнүн ортосундагы каршылык анын чыгармачылык ишинин кыймылдаткыч күчү болуп эсептелет. Окуучу жазууну каалаганы менен аны жогорку деңгээлде ишке ашыра аламбы же уят боломбу деген санаркоосу, өз күчүнө ишене албоосу анын чыгармачылык ишине тоскоол болот. Өз мүмкүнчүлүгүнө ишене албоо, сындан коркуу, тез эле жооп таап маселени чече коюу сыяктуу жөрөлгөлөр чыгармачылык иштин билинбеген чоң тоскоолдуктары болот. Ушундай кырдаалда мугалимдин чеберчилиги, чыныгы устаттыгы бир эле сөзү менен окуучуга дил баян жазууга дем, күч-кубат берет. Мугалимдин: " Силер бул теманы оңой эле сонун жазасыңар", - деген сөзү аларга, окуучуларга, кандай шык, күч бергенин ал өзү да билбеши мүмкүн. Ар бир дил баянга кызыктыруу да керек. "Кызыгуунун системалык өнүгүшү инсанда аныкталган шыкты, ынтааны пайда кылат. Шык бул аныкталган ишмердүүлүктү абдан жогорку деңгээлде жүргүзүү менен белгилүү бир сапаттуу жыйынтыктарды камсыз кылуу касиети", - деп көрсөтөт окумуштуу Т.М Сияев [6, 66-б.].

Ал эми тема боюнча изилдеп, терең ой калчап, өзүнчө жыйынтык чыгаруу, бир бүтүмгө келүү окуучунун мүмкүнчүлүгүнүн деңгээлине жараша болдот. "Ой жүгүртүп чечмелөө аркылуу акыл жыйынтыгына келүү – окуу жараянынын шам чырагы", - деп туура көрсөтөт Бекембай Апыш [3, 84-б.]. Дил баянда өзү ой жоруп, жыйынтыкка келген жыйынтык пикирин окуучу жүрөгүнө, кагазга түшүргөн аракетин, билгичтигин турмуш тажрыйбасына кошуп эсине сактайт. Чоң-Алай районундагы Ленин атындагы орто мектебинин 8-а классынын оуучусу Рыскулов Абдыкадыр "Манас" эпосундагы Манастын образы" боюнча жазган дил баянын мындай жыйынтыктайт: "Манас атабыздын кыргыз элине кылган кызматы эсибизден чыкпайт. Ал эрдикке, Ата-Мекенди сүйүүгө шыктандырат. Мен Манастай болууну каалайм. Эгер андай боло албасам да анын кырк чоросунун бириндей мекенге берилип кызмат кылган уулу болом деген ойдомун". Ошол эле класстын окуучусу Рысбай кызы Акзууратттын дил баянынан: "Манас баатыр чачылган элди жыйнаган. Өз мамлекетин курган. Ал элдин чыныгы уулу. Айкөл, намыскөй. Эл, жер үчүн жанын аяган эмес. Азыркы учурда мамлекетибизге Манастай баатыр жетишпей жатат деп ойлойм." Бул дил баяндардан алынган кыска үзүндүлөр алардын мекенди сүйүүдөгү бекем ишенимин гана көрсөтпөстөн, аны чыгармачылык менен бере билгенин да далилдейт.

"Манас" эпосун окутууда сабактын салттуу, салттуу эмес, интерактивдүү, интеграциялап окутуу типтерин ыңгайына жараша колдонсо майнаптуу болот. Эң жөнөкөй бир мисал, Манастын образын салттуу сабактагыдай лекция, баарлашуу ыкмалары менен түшүндүрүүдө, бекемдөөдө интерактивдүү окутуунун кластер методун колдонуу окуу процесси үчүн керек. Манас адам,баатыр, айкөл, мекенчил, достукка туруктуу, намыстуу, балбан, эл башы, ак көңүл, март, каардуу, күчтүү, чечкиндүү, коркпос сыяктуу сапаттарын кластерде талдоодон терең өткөрүүдөн кийин дил баяндын материалы даяр болду десе да болот. Бул окуучуга кыйын сезилиши мүмкүн. "...өнүгүү кыйынчылыкты жеңүү процессинде болот жана бул жаратылыштын Мыйзамы" - деп белгилүү жаңычыл педагог Шалва Амонашвили [1, 68-б.]. Окуучу дил баян жазууда ар дайым анын алдында чон кыйынчылык турат, аны жеңүү үчүн мугалим компетенттүү аракет кылышы керек. "Ар кандай жөндөм реалдуу кырдаалдарда маселе чечүү ишмердүүлүгүн баштан кечирүү аркылуу гана түптөлүп калыптанат",- деп көрсөтөт окумуштуу А.Алимбеков [1, 1-б.]. Ар бир дил баян чоң проблема, кырдаал. Окутуу эки тараптуу процесс болгондуктан мугалим да, окуучу да ал процесстин ийгиликтүү болуусуна аракет кылып дил баян жазууда бир катар даярдыктарды, шарттарды түзүүсү керек.

Мугалим тарабынан даярдалуучу шарттарга төмөнкүлөр кирет: 1. Дил баян жаздырууну жыл башынан пландаштыруусу. 2. Окуу жылы ичинде окула турган көркөм чыгармалардын болжолдуу тизмесин класска жазып илүү. 3. Окуу жылында жазыла турган дил баяндардын болжол-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дуу тематикасын даярдоо, класстык бурчка киргизүү. 4. Кошумча адабияттардын тизмесин түзүү жана аларды окуучуларга жеткирүү. 5. Класс жогорулаган сайын тема, идея, образ системасы боюнча окуучулардын түшүнүгүн жогорулатуучу материалдарды берүү. 6. Чыгарманы сюжеттик, композициялык, стилдик, тектик, тилдик мектептик жактан адабий талдоодо алардын өзгөчөлүгүн окуучуга жеткире билүү. 7. Дил баян жазуунун темасын, ордун, убактысын белгилөө. 8. Дил баянды жаздыруу, дил баяндын жазылуусун камсыздоо. 9. Дил баянды астейдил, терең талдоо. 10. Дил баянга коюлган баанын тууралыгы, окуучу эмне үчүн ушундай баа алганын түшүнүүсүнө жетишүү.

Окуучулар тарабынан аткарылуучу шарттарга төмөнкүлөр кирет: 1. Окуучунун чыгарманын көркөм тексти менен тааанышуу болуусу, башкача айтканда, аны окуусу. 2. Ал чыгарма боюнча окуу китебиндеги текстти окуп түшүнүшү. 3. Чыгарма, анын автору боюнча өтүлгөн сабактарга катышуусу жана көз карашы болуусу. 4. Чыгарма боюнча идеялык тематикалык, образ, образдар системасы, композициялык, сюжеттик талдоолорго катышуусу жана алар боюнча түшүнүгү болушу. 5. Жаңы өтүлгөн чыгарма боюнча дил баян жазууда анын планын түзүүгө мүмкүнчүлүгүнүн (билим, билгичтиги, көндүмдөрүнүн) болушу жана аны өркүндөтүп турушу. 6. Кошумча адабияттарды окуу, изденүү, ичтен даярдануу. 7. Мугалим жана окуучулар, үй-бүлө мүчөлөрү менен аңгемелешүү. 8. Дил баянды жаза аламын деген ишенимге келүү (өзүн сындоодон, сырткы сындын коркунучунан арылуу). 9. Кийинки дил баян жазууда мурун кетирген каталарын жоюуга, жетишкендиктерин өрчүтүүгө аракеттенүү.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Жаңы мектеп мугалимге муктаж. / Республикалык илимий-теориялык журнал «Известия вузов Кыргызстана», №8. - Бишкек, 2016. - 3-б.
2. Амонашвили Ш. Основы гуманной педагогики. Книга 3. Школа жизни. 2017.
3. Байгазиев С., Муратов А. Кыргыз адабиятынын программасы. Жалпы билим берүүчү орто мектептер үчүн: V-XI кл. - Б., 2003. - 80-б.
4. Бекембай Апыш. Дидактика.Окуу куралы. - Б: Мектеп, 2006. - 196-б..
5. Выготский Л.С. Вооброжение и творчество в детском возрасте. Психол. очерк. - 3-е изд. - М.: Просвещение, 1991. - 93-б.
6. Сияев Т.М. Педагогдун мотиви: диагностикалык аспект. / Республикалык илимий-теориялык журнал «Известия вузов Кыргызстана», №5. - Бишкек, 2017. - 66-б.


**Рецензент: д.пед.н. Чыманов Ж.А.**